www.manas.edu.kg

# КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
## факультети
## Театралдык искусство бөлүмү
## Курстун программасы

| Курстун коду | Курстун аты (Кыргызча) | Курстун аты (Түркчө) | Семестр | Апталык саат | Кредит | ЕКТС |
|---|---|---|---|---|---|---|
| TİY-112 | ТЕАТРДЫН ТАРЫХЫ II (КЫРГЫЗ ТЕАТРЫНЫН ТАРЫХЫ) | TİYATRO TARİHİ II (KIRGIZ TİYATRO TARİHİ) | 2 | 2 + 0 | 2 | 2 |

| | |
|---|---|
| Курстун деңгээли | Бакалавр |
| Курстун түрү | Талаптуу |
| Курстун мугалими | Ага окутуучу ЖАНЫШ КУЛМАНБЕТОВ |
| Курстун тили | Кыргызча |
| Жардамчылар | ЖОК |
| Аудитория | MFFB 106 |
| Курстун максаты | ===Кыргыз театрынын тарыхын окуп-үйрөнүү студенттердин кесипти өздөштүрүүдөгү индукциялык жана дедукциялык ой жүгүртүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал болочок адистин улуттук сахна өнөрүнүн өзгөчөлүгүн түшүнүү аркылуу кесиптик аң-сезминин кеңейишине, профессионалдык практикасынын байышына жана тереңдешине, улуу муундун эстафетасын үзбөй улантууга жардам берет. |

| Колдонулуучу адабияттар | | |
|---|---|---|
| | **Колдонулуучу адабияттар** | **Адабияттын түрү** |
| 1 | Кулмамбетов Ж. Кыргыз театры, Бишкек, "Турар", 2017, 600 бет. | Китеп |
| 2 | Кулмамбетов Ж.Режиссер Бообек Ибраев, Бишкек, "Принт-Экспресс", 2015, 160 бет. | Китеп |
| 3 | Тажыбаева А. Борбордук Азиянын эпикалык театры: калыптанышы жана өнүгүшү. Бишкек, "Бийиктик", 2009, 122 бет. | Китеп |
| 4 | Асанбеков С. Алиман Жангорозова. Фрунзе, "Кыргызстан", 1987, 124 бет. | Китеп |
| 5 | Жунушов А. Сахна чеберлери. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1988, 184 бет. | Китеп |
| 6 | Жаманов Сыдыкбек. Өнөр өргө жетелейт. Фрунзе. “Кыргызстан”, 1983. | Китеп |
| 7 | Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы, Бишкек, 2004. | Китеп |
| 8 | Ауэзов М. Киргизская народная героическая поэма “Манас”. (Китепте: Киргизский героический эпос Манас. Фрунзе, Москва, Издательство Академии наук СССР, 1961). | Китеп |
| 9 | Байгазиев Советбек. XX кылымдагы кыргыз драматургиясынын тарыхы. Бишкек, 2002, 1-бөлүк. | Китеп |
| 10 | Жунушов А. Театр козгогон ойлор. Фрунзе, "Кыргызстан", 1981, 128 бет. | Китеп |
| 11 | Күмүшалиев К. Алар баштоочулардан болушкан. Фрунзе, "Кыргызстан", 1979, 236 бет. | Китеп |
| 12 | Күмүшалиев К. Кыргыз театрынын салтанаты. Фрунзе, "Кыргызстан", 1977, 104 бет. | Китеп |
| 13 | Асанбеков С. Машакаттуу бийиктик. Фрунзе, "Кыргызстан", 1986, 160 бет. | Китеп |
| 14 | Мусаев С. М. Киргизский народный эпос “Манас”. (Китепте: Манас. Киргизский героический эпос. Москва, главная редакция восточной литературы, 1984, Книга 1). | Китеп |
| 15 | Молдобаев Д. А. Современный киргизский драматический театр в г. Фрунзе. 1961 – 1970. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата искусствоведения. Научный руководитель – доктор искусствоведения, профессор Н. И. Львов. Москва, 1970. | Китеп |
| 16 | Фольклорный театр народов СССР, Москва, “Наука”, 1985, 248 бет. | Китеп |
| 17 | Сырымбетов А.Бакен Кыдыкеева. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1973, 120 бет. | Китеп |
| 18 | Нарын областтык Муратбек Рыскулов атындагы музыкалуу драма театры. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1980. | Китеп |
| 19 | Күмүшалиев К. Аманкул Куттубаев. Чыгармачыл портрет, Фрунзе, “Адабият”, 1990. | Китеп |
| 20 | История киргизского искусства. Фрунзе, “Илим”, 1971, 478 бет. | Китеп |
| 21 | Калдаров Эсенбай. Абдыашым Көбөгөнов. Чыгармачылык портрет. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1987. | Китеп |
| 22 | Асанбеков С. Мираида Далбаева. Фрунзе, “Адабият”, 1989. | Китеп |
| 23 | Касым Тыныстан уулу. Адабий чыгармалар. Бишкек. “Адабият”, 1991. | Китеп |

| Колдонулуучу адабияттар | | |
|---|---|---|
| 24 | Джумабаев Бекмурза. Современный киргизский драматический театр. 1953 – 1963. Автореферат диссертации на соискание ученой степени кандидата искусствоведения. Научный руководитель – кандидат искусствоведения Н. И. Львов. Алма-Ата – Москва, 1964. | Китеп |
| 25 | Джумабаев Б. Жизнь на сцене. Фрунзе, “Кыргызстан”, 1968. | Китеп |
| 26 | Кыдырбаева Р. Сказительское мастерство манасчи. Фрунзе, "Илим", 1984, 120 бет. | Китеп |
| 27 | Улуу манасчы Сагымбай. Бишкек, "Ала-Тоо" журналы, 1992, 144 бет. | Китеп |
| 28 | Кулмамбетов Ж. Кыргыз театрынын тарыхы. Бишкек, "Калем" басмасы, 2020, 508 бет. | Китеп |

| Жетишилчү жыйынтыктар | |
|---|---|
| 1 | Кыргыз театрынын тарыхын окуп-үйрөнүү студенттердин кесипти өздөштүрүүдөгү индукциялык жана дедукциялык ой жүгүртүүсүнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ал болочок адистин улуттук сахна өнөрүнүн өзгөчөлүгүн түшүнүү аркылуу кесиптик аң-сезиминин кеңейишине, профессионалдык практикасынын байышына жана тереңдешине, улуу муундун эстафетасын үзбөй улантууга жардам берет. |

| Курстун планы | |
|---|---|
| **Апта** | **Темасы** |
| 1. Апта | Кыргыз театрынын башаттары: салттар, ырым-жырымдар, сөөк кою ритуалы, кыз узатуу, тушоо кесүү, бешикке салуу ж.б. Кыргыздын дигесис моделиндеги эпикалык театры: кошок, аэдчилик, рапсодчулук, манасчылар (жомокчулар), куудулдар, төкмөлөр. Легендарлуу жана улуу манасчылар: Ырамандын ырчысы. Токтогул, Келдибек, Тыныбек, Балык-ооз, Найманбай, Чоюке, Сагымбай, Саякбай ж.б. чыгармачылык өзгөчөлүктөрү |
| 2. Апта | Кыргызстанда европалык типтеги агитациялык театрдын уюшулушунун нукура себептери жана идеологиялык багыты. “Кайгылуу Какей” - кыргыз драматургиясынын алгачкы таптык пьесасы. Мамлекеттик театрдын түзүлүшү: драмалык жана эл шайырларынан куралган эки труппасы. 30-жылдардагы агитациялык театр: “Ажал ордунанын” жазылыш себептери жана анда кыргыз тарыхынын одоно бурмаланышы. |
| 3. Апта | Кыргыз мамлекеттик музыкалуу-драма театрынын уюшулушу. Кыргыз мамлекеттик театрынан эл шайырлар тобунун бөлүнүп чыгыша жана филармониянын уюшулушу. Отунчу Сарбагышевдин демилгеси жана Кыргыз мамлекеттик жаш көрүүчүлөр театрынын уюшулушунун негизги себептери. Труппасы жана репертуары. Бакен Кыдыкееванын алгачкы ийгилиги. |
| 4. Апта | Колхоз-совхоз театрлары: түзүлүш себептери, таптык репертуары, уюштуруучулары (Алиман Жангорозова, Абдыашым Көбөгөнов ж.б.). Экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы кыргыз театры: кыргыз авторлорунун фронттук драмаларынын жасалмалуулугу. Кыргыздын мифоэпикалык аң-сезими жана “Курманбек”, “Жаңыл Мырза” спектаклдеринин патриоттук таасири. Даркүл Күйүкова, Сыдыкбек Жаманов, Муратбек Рыскуловдун чыгармачылык ийгиликтери. |
| 5. Апта | Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки кыргыз театры. Т. Абдумомунов – кыргыздын жаңы драматургиясынын баштоочусу жана драматургдун “тапсыз” пьесалары, чагылдырган темалары. Конфликтсиздик теориясынын позитивдүү ролу. Элүүнүчү жылдардагы кыргыз театры. Кыргыздын диегесис моделиндеги эпикалык театрынын туундусу “Манастын” тегерегиндеги драмалык кырдаал. Муратбек Рыскулов, Бакен Кыдыкеева, Даркүл Күйүкова, Сыдыкбек Жаманов, Насыр Кытаев, Мамат Рыскулов ж.б. чыгармачылык бийиктиктери. |
| 6. Апта | Алтымышынчы жылдардагы кыргыз театры. Россия империясына кыргыздын букаралыкка өткөнүнүн жана Токтогулдун 100 , Октябрь төңкөрүшүнүн 50 жылдыктарына карата түзүлгөн кыргыз театрынын репертуары. Жаңы муундагы драматургия.Шекспирдин 400 жылдыгы жана “Король Лирдин” М. Рыскуловго арналып коюлушу. “Атанын тагдыры”, “Жыгылган оогонго күлөт”, “Өлбөстүн үрөөнү” ж.б. спектаклдердин темалары жана эстетикалык багыттары. |
| 7. Апта | Айтматов жана театр. “Бетме-бет”, “Саманчынын жолу”, "Жамийла", "Кызыл жоолук жалжалым" спектаклдеринин көркөм-эстетикалык өзгөчөлүктөрү. Ош кыргыз драма театрынын уюшулушу жана калыптанышы.Артисттик искусствосу жана режиссерлору. |
| 8. Апта | Ара сынак. |
| 9. Апта | Жетимишинчи жылдардагы кыргыз театрынын актердук искусствосу жана репертуары. Муратбек Рыскулов, Бакен Кыдыкеева, Даркүл Күйүкова, Сыдыкбек Жаманов, Насыр Кытаев ж. б. улуу муундагы артситтердин чыгармачылыгы. Кыргыз мамлекеттик драма театры. Нарын музыкалуу драма театры. |
| 10. Апта | Жалил Абдыкадыров, Медербек Назаралиев, Бообек Ибраев ж. б.кыргыз театр режиссерлорунун чыгармачылыгы. |
| 11. Апта | Советбек Жумадылов, Жамал Сейдакматова, Мираида Далбаева, Сатыбалды Далбаев, Капар Медетбеков, Бакирдин Алиев, Таттыбүбү Турсунбаева, Имаш Эшимбеков, Күнболот Досумбаев ж.б. чыгармачылык жетишкендиктери. |

| Курстун планы | |
|---|---|
| 12. Апта | Ош кыргыз драма театры: репетуары жана актердук искусствосу. Искендер Рыскуловдун режиссурасынын эстетикасы. |
| 13. Апта | “Манастын уулу Семетейдин” коюлушу жана кыргыздын тегин издөө процессинин башталышы. |
| 14. Апта | Сексенинчи жылдардагы кыргыз театры. Искендер Рыскуловдун Кыргыз мамлекеттик академиялык драма театрындагы чыгармачылыгы жана эстетикалык келишпөөчүлүк. Алмаз Сарлыкбековдун Нарын муздрама театрын көтөрүшү. Ысык-Көл драма театрынын, ТЮЗдун кайрадан ачылышы. Искендер Рыскуловдон кийинки Ош кыргыз драма театры. |
| 15. Апта | Кыргыз театры эгемендүүлүктүн алгачкы он жылдыгында. Жеке менчик театрлардын уюшулушу. Кыргыздын жаңы драматургиясы. “Манас” эпосун интерпретациялоодогу жаңычылдыктар. Кыргыздын Октябрь төңкөрүшүнө чейики доорун реаблитациялоо тенденциясы. 2000-жылдан берки кыргыз театры. Улуттук драматургиянын өнүгүшү. Артисттик потенциал. арат Козукеевдин режиссурасы. Кортундулоо. |
| 16. Апта | Финал сынагы. |

| Баалоо | | | |
|---|---|---|---|
| **Баалоо каражаты** | **Саны (даана)** | **Үлүшү (%)** | **Жалпы үлүшү** |
| Арасынак | 40 | 40 | **40** |
| Финал сынагы | 60 | 60 | **60** |